## К. И. СКРЯБИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН БИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

**Протокол № 2**

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетиндеги Д 06.19.602 Диссертациялык Кеңешинин отуруму (биргелешкен негиздөөчүсү Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институту), айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурактарын которуштуруп айдоодо жер семирткичтерди узак мөөнөттө колдонуудагы жаздык буудайдын түшүмү жана сапаты" аталышындагы Джайнакова Гульнур Бердибаевнанын диссертациялык ишин алдын-ала коргоо.

**Бишкек ш.** 24-ноябрь, 2020-ж.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы**: Ахматбеков М.А. айыл чарба илимдеринин доктору, К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин агрохимия жана топурак таануу кафедрасынын профессору.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуукатчысы:** Тургунбаев К.Т. – айыл чарба илимдеринин доктору, токой чарбасы жана жемишөстүрүү кафедрасынын доценти.

**Катышкандар:**15 диссертациялык кеңештин мүчөсүнүн ичинен– 12

**Кеңештин мүчөлөрү:**

Касиев К.С. – биология илимдеринин доктору; Асаналиев А.Ж. – айыл чарба илимдеринин доктору; Джунусов К.К. – биология илимдеринин кандидаты; Дуйшембиев Н.Д.; - айыл чарба илимдеринин доктору; Исаева В.К. – айыл чарба илимдеринин кандидаты; Карабаев Н.А. – айыл чарба илимдеринин доктору, профессор; Сарбаев А.Т. – айыл чарба илимдеринин доктору; Тентиева Б.Т. – айыл чарба илимдеринин кандидаты; Упенов А.Ш. – айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент; Чакаев Ж.Ш. – айыл чарба илимдеринин кандидаты.

**Кеңештин төрагасы:** Урматтуу кесиптештер, саламатсыздарбы. Диссертациялык кенештин мүчөсүнүн тизмесинин жыйынтыгы боюнча 15 мүчөнүн 12 катышып жатат . Кворум бар. Сунуштар кандай? Жыйынды ачуу

сунуш айтылды. Сураныч, добуш бериңиздер. Добуш берүүнүн натыйжасы: “макул” – 12, “каршы” – жок. Бир добуштан кабыл алынды. Диссертациянын жыйыны ачык деп эсептелет.

**Төрага:** Күн тартибинде маселе окулду.

**Күн тартиби:**

Айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурактарын котороштуруп айдоодо жер семирткичтерди узак мөөнөттө колдонуудагы жаздык буудайдын түшүмү жана сапаты” аталышындагы диссертациялык ишин алдын-ала коргоо.

**Төрага:** Күн тартибине толуктоолор, каршы пикирлер барбы?

Күн тартибин бекитүүнү ким жактайт? Сураныч, добуш бериңиз. Добуш берүүнүн натыйжасы: "макул" -12; "Каршы" - жок. Күн тартиби бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Келгиле, регламент боюнча макулдашалы.Чыгып суйлөө тартиби: 30 мүнөт - докторлук диссертацияны коргоо үчүн, 15 мүнөт - кандидаттык диссертация үчүн.

Регламентти добуш берүү жолу менен бекитүү сунушталды. Добуш берүүнүн натыйжасы: "макул" -12; "Каршы" - жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Негизги бөлүктүн презентациясы үчүн сөз Г. Джайнаковага берилет.

**Угулду:** Изденүүчү Джайнакова Гульнур Бердибаевна “Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурактарын котороштуруп айдоодо жер семирткичтерди узак мөөнөттө колдонуудагы жаздык буудайдын түшүмү жана сапаты” кандидаттык диссертациясынын негизги жоболору жөнүндө баяндамасында эмгектин актуалдуулугун, негизги жоболорун, илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин белгиледи.

**Төрага:** Баяндама бүттү. Сураныч, оозеки суроолорду бериңиздер.

**Изденүүчүнүн суроолорго жооптору**:

**Касиев К.С. - биология илимдеринин доктору.**

Суроо: ВАКта кандай карайт диссертацияны? Диссертация мамлекеттик тилде жазылган, ал эми адабият орусча берилген. ВАК менен макулдашуу керек.

Жооп: автореферат ВАКка берилди.

**Сарбаев А.Т., айыл чарба илимдеринин доктору**

Суроо: Иштин аналогу барбы республикада?

Жооп: Рахмат. Жаздык буудайдын "Интенсивная" сортуна биринчи жолу изилдөө жүргүзүлдү.

Суроо: Жаздык буудайга түптөөнү кезиндежер семирткич берилгенби (вне корневая подкормка) ?

Жооп: Программа боюнча жаздык буудайга түптөөнүү кезинде жер семирткич берүү каралган эмес.

Суроо: Фосфор качан пайдаланылды?Запасы кандай ?

Жооп: Фосфор негизги айдоодо (күздө) жана себүүдө (10 кг/га) берилген.

Суроо: калий берилдиби? Запасы кандай?

Жооп: Калий берилген жок. Топуракта жетиштүү.

Суроо: Жер семирткичке кетирген чыгымдарды кошумча түшүм актайбы?

Жооп: Кошумча түшүм (10,5ц/га ),баардык чыгымдарды актайт.

**Исаева В.К. - айыл чарба илимдеринин кандидаты**

Суроо: Изилдөөнүн объектиси – "Интенсивная" сорту. Автор койгон атты котоурууга болбойт. Бир эле сортту кароо аздык кылбайбы? Эмне үчүн изилдөө объектиси катары башка сортторду алган жоксунуз?

Жооп: Сорт "Интенсивная" деп берилген,бирок ВАК мамлекеттик тилде жазгыла деп сунуш берген, ошондуктан "Интенсивдүү" деп которуп койгонбуз.

Сорт 1976-жылдан бери колдонулат. Сорт кош касиети бар. Биз изилдөө жүргүзгөндө маанилүү болгон.

**Сарбаев А.Т., айыл чарба илимдеринин доктору**

Суроо: "Интенсивная" сорту абдан сезимтал, азот көп болгондо оорулар да көп болот. Ржавчина болдубу?

Жооп: Изилдөө учурунда шарт оптималдуу болуп, кургакчылык болгон жок, Оорулар болгон жок. Отоо чөп көп болду.

**Тентиева Б.Т. - айыл чарба илимдеринин кандидаты**

Суроо: Жер семирткич кайсы культурага берилген?

Жооп: Мурунку өсүмдүк -жүгөрүгө берилген. 9 которуштуруп айдоо тааласы бар. Биринчи арпа+беде, кийин 2-жыл беде, күздүк буудай, жүгөрү, жаздык буудай, кант кызылчасы, күздүк буудай, жүгөрү.

**Касиев К.С. - биология илимдеринин доктору.**

Суроо: Түшүндүрмө катты эмне үчүн берген жоксуз?

Жооп: Автореферат берилди.

**Асаналиев А.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору**

Суроо: Эмне үчүн диссертациянын ичинде адабият серепте 2 четтилдик адабият гана берилген?

Жооп: Агрохимия боюнча чет тилде адабият табуу кыйынчылык туудурду.

**Сарбаев А.Т., айыл чарба илимдеринин доктору**

Суроо: Жаздык буудайдын сапаты кандай болду?

Жооп: Жаздык буудайдын сапаты жакшы болду. Белок 12-15%, клейковина 30,7%.

**Исаева В.К. - айыл чарба илимдеринин кандидаты**

Суроо: Биохимиялык анализ, сапаттык көрсөткүчтөр кайсылабораторияда жаса лган?

Жооп: Клейковина жана башка көрсөткүчтөр агрофактын лабораториясын-да аткарылды.

**Төрага**: Сөз илимий жетекчиге берилет.

**Дүйшембиев Н.Д**.-

айыл чарба илимдеринин доктору. Илимий жетекчи чыгып сүйлөдү.

**Төрага**: Сөз экспертке берилет

**Карабаев Н.А.** - айыл чарба илимдеринин доктору, профессор.

Илимий изилдөө ишине профиль туура келет. 50-жылдан бери 9 таалалуу 6-ротация жүрүп жатат.

Берген сунуштар айтылды, кемчиликтер ондолду. Диссертациялык кеңешке сун уштаймын.

**Төрага**: К. И. Данышмановдун сунушун окумуштуу катчы Тургунбаев К.Т. тааныштырат.

Окумуштуу катчы: К.И. Данышмановдун сунушу менен тааныштырды.

**Төрага**: Сөз эксперт Г.Ф. Эшимкуловага берилет.

**ЭшимкуловаГ.Ф.**, айыл чарба илимдеринин кандидаты. Каралып жаткан масел е боюнча расмий оппоненттер боюнча сунуш кыламын.

**Төрага**: Сөз изденүүчү Джайнакова Г.Б. берилет.

Джайнакова Г.Б. Рахмат. Айтылган сын-пикирге кошуламын, ондойбуз.

**Талкулоо**:

**Касиев К.С**. - биология илимдеринин доктору.

Урматтуу кеңештин катышуучулары, сиздердин назарыныздарды бир маселеге бурайын. Мен 2 кеңештин мүчөсүмүн. Орус тилдүү мүчөлөргө түшүндүрмө кат 2 тилде даярдалышы керек. Автореферат 2 тилде даярдалат. Орус тилдүү мүчөлөргө көңүл буруңуздар.

**Асаналиев А.Ж.** - айыл чарба илимдеринин доктору.

Жумуштун актуалдуулугу кынтыксыз эле. Көп жылдык стационарда жүргүзүлгөн. Ошол кезде жаздык эгинге минералдык система берүү актуалдуу болгон. Азыр деле актуалдуу. Фермерлер жаздык буудай эгишет. Диссертант жакшы иштеди, айтып бере алат. Өз алдынча тажрыйба жүргүздү жана мындан ары жүргүзө алат. Сунушум- адабияттын тизмеси 2008-жыл менен бүткөн. Андан бери көп жаңылык болду. Жаңы адабият кошкула. Google аркылуу издөө

жасаса болот. Англис тилинде адабият көп чыгат. Кийинки жактаганга уруксат берүүгө макулмун.

**Сарбаев А.Т., айыл чарба илимдеринин доктору**

Жакшы жумуш жасалды. Статистикалык анализ жасалды. Бир сунуш бар. Тыянактарды күчөтүү керек, пункт кошуу менен.

**Асаналиев А.Ж. - айыл чарба илимдеринин доктору**

Күздүк жана жаздык буудайды сапатын салыштыруу керек. Дагы бир көрсөткүч бар- число падения, ИДК. Эгерде ошол боюнча маалымат болсо, иш күчтүү болот. Биздин фермерлерде число падения көп же аз болуп жатат.

**Ахматбеков М.А. - айыл чарба илимдеринин доктору**

Бизде бүгүн диссертациялык кеңеш кыргыз тилинде өтүп жатат. Кеңештин мүчөлөрү түшүнүш керек. Башка кеңешти билиш керек, аннотация орус тилинде болсо даярдаш керек. Стационардык тажрыйбада райондоштурулган сортко жер семирткич системасы түзүлдү.

Бул жерде маселе коюлбайт сортторду салыштыруу боюнча. План боюнча тизмедеги сортко жер семирткич системасын түзөбүз. Стационар жылдан жылга өтүп жатат. Өзгөчүлүгү бар.

Корутундуга келсек 4 адам сүйлөдү. Кеңештин каалоосу боюнча коомдук коргоого сунуштап жатабыз.

**Корутунду:**

1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Жаздык буудай, күздүк буудайга караганда түшүмдүүлүгүнүн төмөндүгүнө карабастан, Чүй өрөөнүнүн жана республиканын башка аймактарында бир кыйла аянттарга эгилет.
2. Илимий натыйжалар жана алардын негиздүүлүгү
3. Илимий натыйжалардын теориялык жана практикалык мааниси
4. Диссертациялык материалдардын басмага толук жарыялангандыгы
5. Диссертация боюнча сын-пикирлер жана сунуштар
6. Коргоо боюнча сунуштар

**Төрага**:

1. Джайнакова Г.Б.нын диссертациялык ишин, сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен, коомдук коргоого бекитүү жана сунуштоо боюнча сунуш келип түштү.

2. Коомдук коргоо күнү 2021-жылдын январь айына дайындалсын. 4 пункттан турган токтом долбоору сунушталды.

**Токтом кылат:**

**1.** 06.01.04 - агрохимия адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты даражасына көрсөтүлгөн изденүүчү Джайнакова Гульнур

Бердибаевнанын “Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурактарын котоpуштуруп айдоодо жер семирткичтерди узак мөөнөттө колдонуудагы жаздык буудайдын түшүмү жана сапаты” деген темада диссертациялык иши жактырылсын жана жетектөөчү уюмдун жана расмий оппоненттердин макулдугу менен коомдук коргонууга сунушталсын.

**2.** Жетектөөчү мекеме - Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү

**3.** Расмий оппоненттер катары: Сакбаева Зульфия Исраиловна - биология илимдеринин доктору, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин география кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу;Качкынбаев Надырбек Качкынбаевич - айыл чарба илимдеринин кандидаты, Жалал-Абад аймактык айыл-консультациялык кызматы, областык эксперттик адис.

**4.** Изденүүчү Джайнакова Гульнур Бердибаевна “Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурактарын котоpуштуруп айдоодо жер семирткичтерди узак мөөнөттө колдонуудагы жаздык буудайдын түшүмү жана сапаты” деген темада диссертациялык ишин коргоо үчүн коомдук коргонуу күнү 2021-жылдын январь айына дайындалсын.

Бул токтомду ким жактайт, сураныч добуш бериңиз

Добуш берди: макул - 12, каршы - жок, калыс - жок.

Бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин төрагасы: М.А. Ахматбеков

Окумуштуу катчы: К.Т. Тургунбаев

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

Подпись М.А. Ахматбековдун, К.Т. Тургунбаевдин колтамгасын тастыктаймын заверяю.
Нач. отдела кадров 21.11.2020 г.